Ар кандай доордо бир эле курактагы адамдардын жүрүм туруму бири биринен айрымаланып турат. Адамдын жүрүм-туруму бир топ факторлор менен аныкталат. Алардын негизгилеринин бири муундардын баалуулуктары. Ал эми муундардын баалуулуктары болжол менен 10-12 жаш куракта калыптанат. Бала бул учурда эмне болуп жатканын баалай албайт, жөн гана жашоонун эң эффективдүү технологияларын өздөштүрүп алат. Баалуулуктар тарыхый окуялардын (социалдык, саясий, экономикалык, социалдык, технологиялык) таасири астында калыптанат[8]. Ошого жараша билим деңгээли, кызыгуусу, дүйнөгө болгон көз карашы калыптанат.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшү жана алардын коомдук турмушунун бардык чөйрөсүндө кеңири колдонулушу дүйнөлүк өнүгүүнүн глобалдык маселесине айланды. Макалада маалымат технологияларынын ар кандай муундун өкүлдөрүнө тийгизген таасирин талдоо жана баалоо маселелери каралат.

Муундар арасындагы келишпестик, алардын ортосундагы кагылышуу бүгүнкү күндөгү социалдык конфликттин негизги бир көйгөйлөрүнө айланууда. Ар кандай социалдык конфликт сыяктуу эле, муундар ортосундагы конфликт бир эле учурда пайдалуу да жана ошол эле учурда зыяндуу да болуп саналат. Бир жагынан муундардын кагылышуусу

коомдун прогрессине жана абалдын женилдешине салым кошот, Г.Зиммелдин образдуу сөзү менен айтканда, «абаны тазалайт»[7]. Ал адамдын табиятынын эң негизги өзгөчөлүктөрүнө негизделген жана ал кандайдыр бир деңгээлде коомдогу өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болуп саналат.

Башка жагынан алып караганда конфликт чатакташып жаткан тараптарга да, социалдык чөйрөгө да, коомдо болуп жаткан процесстерге да көптөгөн көйгөйлөрдү жаратат. Муундардын кагылышуусу коомдун нормалдуу иштешин бузган социалдык көйгөйгө айланып кетиши да мүмкүн. Муундар аралык конфликттер социалдык көйгөйлөр катары көбүнчө коомдогу көңүл буруунун негизги чордонуна жана реформалык аракеттердин объектисине айланган зыяндуу социалдык шарттарды пайда кылышы мүмкүн [1]. Ошондуктан муундардын ортосундагы келишпестиктер социалдык проблемалардын масштабына жана жалпы коомдун өнүгүшүнө терс таасирин тийгизүүсү менен мүнөздөлөт. Алар кийлигишүүнү жана аларды чечүү үчүн тиешелүү чараларды колдонууну талап кылат.

Конфликтология - келишпестиктерди башкаруу жана аны чечүү жолдорун изилдөө менен алектенет. Чыр-чатактын себептери ар кандай чыр-чатакты чечүүнүн маанилүү компоненти болуп саналат. Конфликтологияны изилдөөчүлөр келишпестиктин себептердин төрт негизги тобун аныктайт[4]:

1) «объективдүү себептер (тышкы жагдайлар, жүрүм-турумдун стереотиптери, инсандын социалдык абалы, жашоо образы – келишпестиктин пайда болушунун объективдүү факторлору);

2) структуралык башкаруу, же уюштуруучулук (келишпестиктер жеке адамдардын ишмердигине байланыштуу келип чыгат, коллективдин ичиндеги чыр-чатакты күчөтөт);

3) социалдык-психологиялык факторлор (адамдын психикалык жана социалдык мамилелеринин дал келбестигинен келип чыккан инсандар аралык өз ара мамилелердеги карама-каршылыктар жана келишпестиктер);

4) субъективдүү себептер (башка бирөөнүн жүрүм-турумуна жекече баа берүү жана кабыл алуу).

Муундардын келишпестиги социалдык конфликттин бир түрү болот. Социолог М.Б.Глотовдун пикири боюнча муундардын келишпестиги ар түрдүү муундардын өкүлдөрүнүн ортосундагы да карама-каршылыктардын пайда болуу, кагылышуу жана чечүү процесси. Муундардын ичиндеги жана муундардын ортосундагы конфликттердин өз ара аракети коомдук байланыштарды бузуу же чыңдоо фактору катары аракеттенет[6].

1991-жылы америкалык окумуштуулар Н.Хоу жана У.Страус тарабынан түзүлгөн «Муундар теориясы» КМШ өлкөлөрүнүн аймагында кеңири колдонулуп келет. Алар бүгүнкү күндө жашап жаткан муундардын 6 түрүн аныктап көрсөтүшкөн: [9]

1) Улуу муун (1900-1923 - жылдары туулгандар);

2) Унчукпаган муун (1923-1943 - жылдары туулгандар);

3) Бэби-бумерлердин мууну (1943-1963 - жылдары туулгандар);

4) X мууну («X») (1963-1984 - жылдары туулгандар);

5) Y мууну ("Y") (1984-2000 - жылдары туулгандар);

6) Z мууну («Z») (2000 – жылдан кийин туулгандар). Мында жылдардын көрсөтүлүшү илимий-техникалык прогресстин деңгээлине жарашы 5-10 жылга чейин жылышы мүмкүн.

Бүгүнкү күндөгү Z муундун (Z - поколение) пайда болушу муундар ортосундагы келишпестикти жөн гана күчөптөстөн келишпестиктин жаңыча деңгээлин пайда кылды.

We Are Social жана Hootsuite тын 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча берген интернет дүйнөсүндөгү маалыматтарга токтолуп көрөлү[3].

Дүйнөнүн калкынын саны: 7,83 миллиард

Мобилдик түзүлүштөр: 5,22 миллиард адам уюлдук телефонду колдонот. Бул дүйнө калкынын 66,6%.

Интернет: 2021-жылдын январында дүйнө жүзү боюнча 4,66 миллиард адам интернетти колдонду, бул өткөн жылга салыштырмалуу 316 миллионго (7,3%) көп. Интернетке кирүү деңгээли азыр 59,5%ды түзөт.

Учурда дүйнөдө 4,20 миллиард социалдык тармактын колдонуучулары бар. Социалдык тармакты 2021-жылкы маалымат боюнча дүйнө калкынын 53,6% колдонот.

Социалдык тармактарды интернет колдонуучуларынын кеминде 98% колдонушат. Алардын көпчүлүгү бир эле учурда бир нече социалдык тармактарга катталып, активдүү колдонуп келишет. Мисалы, 16 жаштан 64 жашка чейинки ТикТок колдонуучуларынын 85% Facebookту колдонорун айтышса, ошол эле куррактагы Instagram колдонуучуларынын дээрлик 95% YouTube колдонорун айтышкан.

Орто эсеп менен адамдар күнүнө 2 саат 27 мүнөттү социалдык тармактарда өткөрүшөт. Орто эсеп менен 6-7 социалдык түйүндө бир колдонуучу катталган.

Ал эми Кыргыз Республикасындагы интернет кызматтарын колдонуучулардын жалпы саны 5,7 млн адамды же өлкөнүн калкынын 88%ын түзөт.

Мындан 15-20 жыл мурун интернет кызматын пайдаланууга колунда бар адамдар менен мекеме ишканалардын эле мүмкүнчүлүгү болбосо, көпчүлүк колдонуучулардын интернет кызматтарын эркин пайдаланууга каражаттары чектелүү болгон. Ал эми бүгүнкү күндө ар бир мектеп окуучусу, студент, жумушчулар, ал тургай бала бакчанын тарбиялануучусу да интернетке кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Статистика көрсөткөндөй Y муунундагы адамдар интернетти күнүнө 5 сааттан ашык, X мууну Интернетти кыйла аз, күнүнө 3 саат ка чейин колдонушат. Ал эми Z мууну интернетте күнүнө 3 же андан көп убакыт сарпташат жана бул мектеп окуучуларынын ата-энелери тарабынан чектелишине байланыштуу деп эсептешет.

Демек биз кааласак да, каалабасак да жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды коомдун бардык чөйрөсүндө пайдаланууга аргасыз болобуз. Мындай коомдогу X жана Y муун үчүн жаңы болгон "жаңы технологиялар" же "келечектин технологиялары" деп аталган нерселер Z мууну үчүн буга чейин эле бар, көнүмүш нерселер болуп саналат. Бул биринчи чыныгы санариптик муун[2].

Азыркы учурда коомдо жашап жаткан муундардын шарттуу катышын карай турган болсок, анда бэби-бумерлердин муунуна ак сакалдар, чоң ата, чоң энелерибиз, буралдын саны салыштырмалуу өтө аз, X муунуна көбүнчө улуулар, 50-60 жаштан өткөндөр, Y муунуна улуу жана орто жаштагылар, ал эми Z муунунда жаштар басымдуулук кылат.

Коомчулукта ачык жарыя айтылып көрүнбөгөнү менен ар бир коомдо жаш муундун жана калктын улуу бөлүгүнүн – 50 жаштан өткөн муундун ортосунда стихиялуу түрдө айыгышкан тирешүү жүрүп жатканынан эч ким күмөн санабайт. Мындай күрөш ар бир үй бүлөдө, ар бир мекеме уюмдарда кездешет. Мен азыр бүгүнкү күндө эки муундун ортосундагы куракта эки муун менен тең иштешип жаткан учурум. Кесибиме байланыштуу университетте жаш Z муун менен да коомдун жашы улгайган мууну менен да иштөөгө аргасыз болгон адам катары акыркы жылдары эки муун тең олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгонун байкадым.

СССР мезгилиндеги пионердик жана комсомолдук уюмдардын жоюлушу, орто мектептин окуу-тарбиялык функцияларынын өзгөрүшү, коомго түрдүү диний уюмдардын аралашышы, жаштардын уй-бүлөдөн эртерээк чыгышы жана эң башкысы коомдун маалыматташытырылышынын тездиги жаштардын тарбиясына улуу муун күтпөгөндөй таасир этип жаткандай.

Айрыкча улуу муундарды окуучулардын жана студенттердин билим алууга, алдыга болгон умтулууга болгон кош көңүл мамилеси таң калтырат. Алар адамдын өмүр бою билим алуу зарыл деген ураанды таптакыр угушпагандай. Интернетти колдонуу компьютер менен эле чектелбейт жана уюлдук телефондордун, смартфондордун же колдо көтөрүп жүрүүчү түрдүү аппараттардын жардамы менен каалаган пайдаланууга мүмкүнчүлүктүн түзүлгөндүгү

Z муундун "билбегеними интернеттен карап алам" түшүнүгүн пайда кылгандай. Жогорку билимдүү адамдар менен аны алуу үчүн убара болбогондордун эмгек акысынын деңгээлиндеги дисбаланстын кесепетинен жогорку билимдин кадыр-баркы жана эң негизгиси анын сапаты төмөндөөдө. Ал гана эмес коомдо кесиптик билим жөнүндөгү документтерди сатып алуу фактылары катталып, териштирүүлөр жүргүзүлгөн фактыларга күбө болуп калуудабыз. Айтор Z муун улуу муун түшүнбөгөн деңгээлде өсүп жетилүүдө.

Ушул эле мезгилде улуу муун да өзгөрдү. Көпчүлүгү эмнегедир өзүнөн өзү чүнчүп, чөгөлөп, сырткы дүйнөдөн ажырап, үмүтсүздүк, алсыздык, кайдыгерлик менен жашап жаткандай. Бул сыяктуу көрүнүштү дүйнөдө, анын ичинде өлкөбүздө болуп жаткан социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштырышыбыз мүмкүн. Бирок коомдо мындан тышкары болуп жаткан толгон токой позитивдүү нерелерди таптакыр байкашпагандай түр калтырышат.

Албетте бул айтылганда бардык эле Z муундун өкүлдөрү менен улуу муундун өкүлдөрүнө тиешелүү эмес. Алардын арасында ар кандай кырдаалдарга карабастан мыкты тарбия менен өсүп келе жаткан окуучуларыбыз менен мыкты билим алып жаткан студенттерибиз кубандырбай койбойт.

Айрым улуу муундагы агай эжекелерибиз жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды Z муундан кем калбагандай деңгээлде үйрөнүп, билим берүү ишмердүүлүгүндө пайдаланып жүргөндүгүнө күбө болуп келебиз.

Демек байыртадан келе жаткан улуу муун менен жаштардын ортосундагы келишпестик бүгүнкү күндө Z муун менен жогорку муундардын ортосунда болуп жаткандыгын көрүүдөбүз.

2020-жылдын 25-мартында Кыргыз Республикасына коронавирус инфекциясынын кирүүсүнүн жана андан ары жайылышынын алдын алуу максатында тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан зарыл чаралар көрүлүп, өзгөчө абал киргизилди. Өзгөчө абалдын киргизилиши менен бардык массалык иш чаралар токутотулуп, коомдук жайлар, мектептер, орто кесиптик жана жогорку окуу жайлар жабылды. Окуучуларды өзгөчө абал мезгилинде окутуу зарылдыгы пайда болду. Экстремалддык шартта, пландаштырылбаган учурда аралыктан окутууга өтүү бир топ татаал кырдаалдарды жаратты. Анын кесепети билим берүү мекемелеринин бардык ресурстарын мобилизациялоого жана шашылыш түрдө аралыктан окутуу технологияларын тез арада киргизүүгө, жетишүүгө мажбур кылды[5]. Бул кырдаалда окутуучулардын улуу муундары бир топ кыйынчылыктарга дуушар болушту. Бирок бардык жаш мугалимдердин катарында жаңы маалыматтык коммуникаңиялык технологияларды пайдаланууну үйрөнүшүп, аралыктан сабак өтүүгө жетишишти. Демек ЖМТ каражаттарын билүү жаш өзгөчөлүккө карбай тургандыгына көрдүк. Тилеке каршы мындайлар абдан аз санда.

Сурамжылоолор боюнча билим берүүдө Y муунунун негизги маалымат булагы интернет маалымат булактары, китептер жана мугалимдер болгон.

Билим берүүдө эң көп колдонулган булактар төмөндөгүлөр:

- Wikipedia;
- YouTube;
- Билим берүү борборлорунун маалыматтык ресурстары;
- рефераттардын файлдык архивдери;
- видеосабактары бар сайттар;
- чет тилдерди үйрөнүү үчүн сайттар ж.б.

Жалпы жаңы маалыматтык коммуникациялык технологияларды пайдалануу абалына карай турган болсок Бэби-бумер муунунун өкүлдөрү социалдык тармактарды аз пайдаланышат, бирок интернеттен видео маалыматтарды абдан көп көрүшөт. X муунунун өкүлдөрү да интернете социалдык тармактарды көп колдонушпайт, бирок интернет булактарындагы маалыматтарга көбүрөөк басым жасашат. Y мууну ЖМКТны кеңири

өздөштүрүү менен гана чектелбестен, интернетти активдүү колдонот, анын ичинде жаңылыктарды окуу, кесиптик ишмердүүлүк, билимге жана кесиптик ишмердүүлүккө тиешеси жок маалыматтарды издөө, товарларды жана кызматтарды сатып алуу, билим берүү ишмердүүлүгү ж.б. кеңири колдонушат. Ошондой эле социалдык тармактарды да эң көп колдонушат.

Y муунуна салыштырмалуу Z мууну интернетте азыраак убакыт өткөрүшөт. Бул маалыматтык-коммуникациялык технологияларды максаттуу жана эффективдүү пайдалануу үчүн интернетте пайдасыз иш аракеттерге жана баарлашууга ата-энелер тарабынан чектөөлөрдүн коюлушунан улам болушу мүмкүн. Ошондой эле Z муундун өкүлдөрүнүн компьютердик оюндарды, өзгөчө тармактык оюндарды кызыгуу менен ойногондугу байкалат. Ал гана эмес компьютердик оюндар менен ооруп, психологиялык жактан жабыркагандар да жок эмес. Мындай берилгендик балдарды бир эле психологиялык жактан эмес жалпы ден соолугун жабыркатаары баарыбызга белгилүү. Z мууну бир абзацты толук окуганга чыдамы жетпейт, ал эми X, Y муундун өкүлдөрү "китепканада чоңойгон" муун. Мына ушул жерден коомду маалыматташтыруу шартындагы муундардын келишпестиги келип чыгат. Ар бир ата эне өз баласын жакшы болсо дейт, ар бир жогорку муун өзүнөн кийин ар тараптуу өнүккөн, билимдүү, тарбиялуу муунду калтырып кетсек дейт. Ал эми жаш муун алардын мындай жакшы ой-максаттарын, каалоо – тилектерин түшүнбөй келишпестиктер пайда болот.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Handbook of Social Problems. A Comparative International Perspective / ed. by G. Ritzer. Maryland, 2004. P. 8.
2. https://ru.wikipedia.org/wiki/поколение_Z
3. https://www.web-canape.ru/business/vsya-statistika-interneta-i-socsetej-na-2021-god-cifry-i-trendy-v-mire-i-v-rossii/
4. Анцупов А. Я. Конфликтология : учеб. для вузов[Текст] / А. Я. Анцупов, А. И. Шипилов. 2-е изд., перераб. и доп. М. : ЮНИТИ-ДАНА, 2004.
5. Арынбаев Э.К. Экстремалдык кырдаалда аралыктан окутуунун проблемалары/ Э.К.Арынбаев, З.И.Көлбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана- Бишкек, 2021.- № 5. – С. 98-103
6. *Глотов М.Б.*Социология: учебник для студентов высших учебных заведений, обучающихся по несоциологическим направлениям подготовки (гуманитарный и социально-экономический цикл) / М. Б. Глотов. - 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Академия , 2013.
7. Зиммель Г. Теория конфликтного функционализма / Г. Зиммель. М.: Academia, 1993. 415 с. С. 189.
8. Мид М. Культура и преемственность. Исследование конфликта между поколениями / М.Мид. Культура и мир детства. М., 1988.
9. Шамис Е. Теория поколений: необыкновенный Икс/ Е. Шамис М.: Издательство Синергия, 2017. 140 с. С. 25

**УДК:**80.355

# РОЛЬ РУССКОГО ЯЗЫКА В КЫРГЫЗСТАНЕ.

Сатыбалдиев Мусабек Маматович ОшМПУ, старший преподаватель E-mail: musabek_smail@mail.ru
Турдубекова Эльвира Турдубековна ОшГУ, преподователь

**Аннотация**

В данной статье рассматриваются актуальные вопросы русского языка, как языка просвещения и культуры. С развитием научно-технического прогресса и глобализации роль русского языка возрастает. В условиях рыночных отношений появилась необходимость изучать русский язык как родной. «Знание русского языка – великое благо для всех народов мира, так как оно дает возможность приобщиться к богатой русской литературе и чувствовать себя как дома, на необъятных просторах нашей планеты». О необходимости знания, изучения русского языка, приобщения к русской культуре говорили почти все прогрессивные деятели независимо от нации или народности, к которой они принадлежали: и грузины Илья Чавчавадзе. Акакий Церетели, Николай Николадзе, узбеки Фуркат, Гафур Гулям, и молдаване М.Когелничану, К.Нигруцци, И.Крянчэ, и татарин Г.Тукай, и азербайджанцы, и армяне, и украинцы, и другие.Высоко оценивал роль русского языка наш соотечественник Чингиз Айтматов.«Для меня русский язык не в меньшей степени родной, чем киргизский, родной с детства, родной на всю жизнь… Не могу припомнить, когда впервые услышал имя Пушкина, но мне кажется, что Пушкин всегда был и всегда будет. Я не представляю себе культуру современного человечества без чтения Пушкина. Мне посчастливилось впервые познакомиться со стихами Пушкина сразу на родном и русском языках. Это были сказки. И с тех пор Пушкин стал для меня навсегда своим, неотделимым человеком. Я прозаик, и, вероятно, поэтому мне больше всего полюбилась «Капитанская дочка» Пушкина и его «Повести Белкина».Я всякий раз вспоминаю «Капитанскую дочку» как триллер высокого мастерства и простоты, как историю целомудренной любви, преданности людей друг другу, верности их в самые трудные, крутые испытания судьбы. Поэзия Пушкина – лучший пропагандист и глашатай русского языка. Кто полюбит Пушкина, тот не может не полюбить русский язык».

**Ключевые слова:** русский язык, культура, просвещение, образование, наука, научно-технический прогресс, глобализация, рыночные отношения, родной язык, родное слово, совершенствование, миграционный процесс, человек, природа, понимание языка, восприятие, личность, уважение, любовь к языку.

## ОРУС ТИЛИНИН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ РОЛУ.

### Аннотация

Бул макалада билим берүү жана маданият тили катары орус тилинин актуалдуу маселелери каралат. Илимий-техникалык прогресстин жана ааламдашуу-нун енугушу менен орус тилинин ролу жогорулап жатат. Рыноктук мамилелердин шартында орус тилин эне тил катары уйренуу зарыл болуп калды. «Орус тилин билуу — дуйненун бардык элдери учун зор бата, анткени ал орустун бай адабиятына кошулууга жана биздин планетанын кецири мейкиндиктеринде езун уйунде сезууге мумкундук берет». Кайсы улутка, кайсы улутка таандык экендигине карабастан дээрлик бардык прогрессивдуу ишмерлер билимдин, орус тилин уйренуунун, орус маданияты менен таанышуунун зарылдыгы женунде: грузиндер Илья Чавчавадзе. Акаки Церетели, Николай Николадзе, өзбектер Фуркат, Гафур Гулям, молдавандар М.Когельничану, К.Нигрузци, И.Крянче жана татар Г.Тукай, азербайжандар, армяндар, украиндер жана башкалар ролун жогору баалашкан. Орус тилдүү мекендешибиз Чыңгыз Айтматов “Мен үчүн орус тили кыргыздан кем эмес, бала кезден эне, өмүр бою эне... Пушкиндин атын биринчи жолу укканым эсимде жок, бирок мага ошондой сезилет. Пушкин болгон жана боло берет. Мен азыркы адамзаттын маданиятын Пушкинди окубастан элестете албайм. Мен биринчи жолу Пушкиндин ырлары менен эне жана орус тилдеринде дароо таанышуу бактысына ээ болдум. Бул жомоктор болчу. Ошондон бери Пушкин мен үчүн түбөлүк, ажырагыс адам болуп калды. Мен прозаикмин, ошон үчүн болсо керек, мага баарынан да Пушкиндин «Капитандын кызы» жана «Белкиндин повесттери» абдан жакты,

«Капитандын кызы» жогорку чеберчиликтин жана жөнөкөйлүктүн триллери катары, аруу махабаттын, аруулуктун баяны катары дайыма эсимде. адамдар бири-бирине берилгендик менен, аларды тагдырдын эң оор, тик сыноолорунда. Пушкиндин поэзиясы — орус тилинин мыкты пропагандисти жана жарчысы. Пушкинди суйген адам орус тилин суйбой коё албайт».

**Негизги сөздөр**: орус тили, маданият, билим берүү, билим берүү, илим, илимий-техникалык прогресс, ааламдашуу, рынок мамилелери, эне тил, эне сөз, өркүндөтүү, миграциялык процесс, адам, жаратылыш, тил түшүнүү, кабылдоо, инсан, урматтоо, сүйүү тил.

## THE ROLE OF THE RUSSIAN LANGUAGE IN KYRGYZSTAN.

### Annotation

This article deals with topical issues of the Russian language as the language of education and culture. With the development of scientific and technological progress and globalization, the role of the Russian language is increasing. In the conditions of market relations, it became necessary to study Russian as a native language. “Knowledge of the Russian language is a great blessing for all the peoples of the world, as it makes it possible to join the rich Russian literature and feel at home in the vast expanses of our planet.”

Almost all progressive figures, regardless of the nation or nationality to which they belonged, spoke about the need for knowledge, the study of the Russian language, familiarization with Russian culture: and the Georgians Ilya Chavchavadze. Akaki Tsereteli, Nikolai Nikoladze, Uzbeks Furkat, Gafur Gulyam, and Moldavians M. Kogelnichanu, K. Nigruzzi, I. Kryanche, and Tatar G. Tukay, and Azerbaijanis, and Armenians, and Ukrainians, and others. Highly appreciated the role of the Russian language compatriot Chingiz Aitmatov. “For me, the Russian language is no less native than Kyrgyz, native since childhood, native for life ... I can’t remember when I first heard the name of Pushkin, but it seems to me that Pushkin has always been and always will be. I cannot imagine the culture of modern humanity without reading Pushkin. I was lucky for the first time to get acquainted with Pushkin's poems immediately in my native and Russian languages. These were fairy tales. And since then, Pushkin has become for me forever my own, inseparable person. I am a prose writer, and, probably, that is why I liked Pushkin's The Captain's Daughter and his Belkin's Tales the most. I always remember The Captain's Daughter as a thriller of high skill and simplicity, as a story of chaste love, devotion of people to each other, loyalty them into the most difficult, steep trials of fate.

**Key words:** Russian language, culture, education, education, science, scientific and technological progress, globalization, market relations, native language, native word, improvement, migration process, human, nature, language understanding, perception, personality, respect, love for language.

В данной статье рассматриваются актуальные вопросы русского языка, как языка просвещения и культуры. С развитием научно - технического процесса и глобализации роль русского языка с каждым годом возрастает. В условиях рыночных отношений появилась необходимость изучать русский язык как родной. Понимание возрастания роли русского языка в современном мире есть необходимость эпохи и времени.

Особенно изучение русского языка в Кыргызстане открывает новые перспективы и возможности в решении самых важных проблем народного хозяйства. С усложнением орудий труда появились новые проблемы и вопросы в мире науки и техники. Мир требует, чтобы современный специалист поглубже освоил азы современней науки, техники и просвещения, культуры. По статистике 90% населения страны считают русский язык- родным. После распада СССР интерес к русскому языку ещё возрос. Действительно на деле русский язык- стал языком культуры и просвещения. Развитие общества всегда требует от молодого поколения прочного знания. В этом деле русский язык является своеобразным путеводителем и маяком в усвоении знаний современного мира. Русский язык помогает молодому поколению стать хорошим и добротным специалистом. Русский мир огромен.

Больше половины земного шара говорят и общаются на русском языке. Китайский язык считается мировым. Больше 2 миллиардов населения земного шара проживают в Китайской Народной республике. И в то же время китайский язык является древним. Но, несмотря на это, китайцы с глубоким уважением проявляет интерес к русскому языку и культуре. Китайцы начинают свой день с песнями «Катюша», «Подмосковные вечера». С энтузиазмом поют они русские народные песни. Поднимают свой дух и энергию, успешно работают они на всех участках народного хозяйства страны. Русский язык активно функционирует сегодня в странах Африки и Южной Америки, Австралии и Сирии. В последнее время интерес к русскому языку резко возрос. Сирийцы свободно говорят и общаются на русском языке.Многие страны мира отправляют в Российские Вузы своих кадров для получения добротного образования. После Октябрьской революции лучшие кадры Кыргызстана поехали в Россию учиться. Видные государственные и партийные деятели Кыргызстан, как И. Раззаков, Т. Айтматов, Ж. Абдрахманов, Ч.Айтматов, А.Массалиев, Т.Усубалиев и другие многие учились в лучших учебных заведениях Москвы и Ленинграда. После войны народное хозяйство Кыргызстана начинает бурно возрождаться.Многие выпускники Российских Вузов после окончания института активно трудились в сфере образования и культуры. Т. Океев, Ч. Базарбаев, С. Чокморов, У Айтиев, С. Жеенбеков, Ж. Омукеева, А.Осмонов, У. Мамытов, К. Маликов, Ч. Айтматов и многие другие стали известными людьми в нашей республике. Действительно русский язык даёт возможность приобщиться к богатой русской культуре. Об этом неоднократно говорили выдающиеся деятели культуры и просвещения Илья Чавчавадзе, Акакий Церетели, Николай Николадзе, Фуркат, Гафур Гулям, К. Нигруцци, И Крянчэ, Г.Тукай, Ч. Айтматов, К. Маликов, А. Осмонов, А. Токомбаев, Т. Сатылганов и многие другие. Высоко оценивал роль русского языка наш соотечественник Чингиз Айтматов: «Для меня русский язык не в меньше степени родной, чем Кыргызский родной с детства, родной на всю жизнь… На могу припомнить, когда впервые услышал имя Пушкина… Я не представляю себе культуру современного человечества без чтения Пушкина[1]».Русская литература, культура воспитали лучших сыновей и дочерей в годы советской власти. Изучая произведение Н. Островского «Как закалялась сталь» многие молодые люди подражали Павла Корчагина.После публикации произведений Н. Островского появились в колхозах и совхозах, в студенческих отрядах настоящие Корчагинцы. Книга Н.Островского «Как закалелась сталь» стала настольной книгой молодых людей Кыргызстана. С особой охотой мы читали произведения М. Шолохова «Судьба человека[2]». Образ Андрея Соколова, мужественного солдата советской армии вызвал восхищение и гордости за героизм, проявленный в годы войны. Читая строки рассказа «Судьба человека» мы невольно стали патриотами своего Отечества. Читая произведения А.С. Пушкина мы развивали в себе любовь к родной природе, Отечеству. Изучение русского языка и культуры даю возможность открывать новый мир в формировании личности человека. Известный Кыргызский писатель Кубанычбек Маликов писал: Меня увлекали глубокий реализм произведений русский классиков и их богатый образный язык. Творения Льва Толстого, Тургенева, Гоголя, Гончарова, Салтакова, Шедрина, Горкого, Чехова, Островского оказали огромное влияние наше творчество, на писательское будущее.Величие русского языка -дружба с русским миром, русской культурой и языком помогла нам, кыргызам, освоить нравственные ценности мировой культуры. Благодаря русскому языку кыргызы познакомились с такими шедеврами, мастерами зарубежной литературы, как Э.Золя, Д. Голсуорси, Б.Шоу, В.Шекспир, В.Гюго, Дж.Лондон, А.Барбюс, Г. Уэллс, Дж.Рид, Т. Манн, Р.Роллан, Э. Хеллингуей, Э. Потбье, Ж, Веллес, М. Пруст, Ги де Мопамман, А. Франс, Т. Шторм, Г. Кайзер, Гаунтман, Г.Манн, Генрик Ибсен, Э.Л. Вайнич, Дж. Редьярд Киллинг, Сервантес и многие другие. В результате учащиеся кыргызских школ развивали в себе лучшие нравственные черты характера.Говоря о роли русского языка Фридрих Этельс в статье «Эмигрантская литература» писал: «Знание русского языка-языка, который всемирно

заслуживает изучения и сам по себе, как один из самых сильных и самых богатых из живых языков[3]». Изучая произведения русских писателей и поэтов В.И.Ленин высоко оценивал роль русского языка. Он подчёркивал силу и мощь русского языка в деле воспитания молодого поколения. Он сам был противником пустословия, фразёрства. И призывал умело овладеть богатством русского языка[4].Благодаря русскому языку кыргызы открыли в себе новый мир, мир науки, культуры и техники.Сотни молодых учёных Кыргызстана стали докторами наук, уроженец, г. Узгена Ошской области С. Шарипов стал космонавтом, который совершил полёт в космос.Изучая русский язык и русскую культуру кыргызы обогатили свою лексику.И сегодня такие слова, как телевизор, самолёт, машина, космос, компьютер, радио, ручка, стол, стул, автомобиль, аэропорт, офицер, такси и многие другие активно употребляются в кыргызском языке. Общение с русским миром дало возможность учителям, педагогам Кыргызстана поглубже осваивать тайны русской народной педагогики. Она призывает к честности, правдивости, учит уважать и любить свое Отечество и уметь прощать человека, делать добро людям. Сегодня, мигранты, кыргызы, находясь в России своими глазами увидели и убедились, что русский народ и русская культура, русский язык являются самыми гуманными в мире. Многим мигрантам русский народ помог найти работу, трудоустроиться.Во время пандемии тяжело- больных Кыргызов в лучших больницах и лечебных учреждениях лечили. Когда шумела пандемия в Кыргызстане лучшие медики и врачи оказали практическую помощь медикам Кыргызстана. Оказали помощь медикаментозам, лечили тяжело- больных на местах. Каждый год тысячи выпускников средних школ поступают в лучшие Вузы России. Они учатся в бюджетных группах, получают стипендию, обеспечиваются общежитием.Российское Консульство и Посольство каждый год оказывают материальную помощь ветеранам вов и Афганистана. Лучшие студенты, преподаватели активно участвуют в конкурсах, олимпиадах, которые проводятся в России. В отдалённых сельских школах открываются классы с русским языком обучения по инициативе родителей и общественности. В районных центрах открываются школы с русским языком обучения. Несмотря на материальные трудности, некоторые родители сельской местности нанимают специальных машин, такси, чтобы возит детей в школы с русским языком обучения. Некоторые выпускники национальных школ дополнительно изучают русский язык в специальных курсах. В последнее время увеличивается количество детских садиков с русским языком обучения. Некоторые родители приглашают специально носителей русского языка в свои квартиры для воспитания и обучения своих детей. Сотрудничество с Россией с каждым годом расширяется. В последнее время в школах Кыргызстана стала практиковаться работа Российских волонтёров и педагогов. С прошлого года Россия начала строить более 40 общеобразовательных школ на территории Кыргызстана. Выпускники профтехучилищ после окончания учебы продолжают работать на заводах и фабриках России. Многие врачи, медики, учителя уезжают в Россию на заработки, тем самым они усваивают культуру русского народа, укрепляют дружбу кыргызов с русскими. Некоторые молодые юноши женятся на русских девушек, составляют интернациональную семью. Говоря о роли русского языка в современном мире, нам хочется сказать о роли Российских педагогов, наставников, которые отдают своё знание и опыт в деле обучения и воспитания студентам из Кыргызстана. Мы сегодня, находясь вдали от России, говорим: Спасибо вам уважаемые педагоги учителя, преподаватели, наставники Российских Вузов. Благодаря Вашего труда многие выпускники Российских Вузов стали лучшими специалистами. Поэтому мы выражаем Вам благодарности! Низкий поклон, Вам! Русский язык и культура русского народа проповедует идеи человечности, идеи нравственности и гуманизма. В своих страницах русская литература возвышает чувства патриотизма, призывает любить труд, презирает тунеядцев, разоблачает ложь, лицемерие, фальшь и др.Надо отметить, что многие русские пословицы и поговорки, фразеологизмы, афоризмы и др. помогают кыргызам в практике выбрать

правильные пути развития в человеческих отношениях. Пословицы: «Кто рано встаёт, тому бог даёт» , «Утро мудренее, чем вечера», «Труд кормит, а лень портит», «Береги честь с молоду» фразеологизмы: «Бить баклуши», «Кот наплакал», «Засучив рукава», «Как мокрая курица», «Кто работает, тот ест», «Спустя рукава», «Рукой подать» и другие речевые средства русского языка стали своеобразными компасами и азимутами кыргызов в практической деятельности в условиях рыночных отношений.Изучение русского языка не мешает кыргызам развивать кыргызские народные традиции, обряды и обычаи. Такие народные традиции, как Сармерден, Нооруз, Кок бору, айтыш комузистов и другие национальные спортивные состязания развиваются в полной мере. Знание русского языка в условиях глобализации помогает кыргызам изучать китайский, корейский, немецкий, английский, французский, японский и другие языки мира. В Кыргызстане в настоящее время функционирует проект многоязычия. Знание языков и культур народов мира помогает поглубже понимать духовный мир народов мира.Величайшие русские просветители, в частности, Л.Н.Толстой, И.С.Тургенев, А.М.Горький, А.П.Чехов, Н.А.Некрасов, А.Н. Островский, К.Д. Ушинский, М.Ломоносов и другие отмечали о высокой роли русского языка в современном мире.К.Д. Ушинский в замечательной статье «Родное слово» писал: в языке одухотворяется весь народ и вся его родина, голос родной природы…[5]». Таким образом, мы должны отметить, что с развитием общества происходит возрастание роли русского языка в международной арене. Появилась необходимость изучать русский язык как родной. Действительно, русский язык стал языком культуры и просвещения.

**Литература**

1. Айтматов Ч « Русский язык для меня – это дар судьбы» Бишкек .,2006г
2. Маликов К « Творческий путь К.Маликова» Фрунзе 1976г
3. Энгельс Ф « Собр соч» Том-2 Москва .,1967г
4. Ленин В.И «Об очистке русского языка» Собр.соч ., Том -1 Москва.,1956г
5. К.Д Ушинский «Родное слово» М.,1979г

**УДК**: 371.3(51)

# БОЛОН ПРОЦЕССИНДЕ ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН КИЙРИЛИШИНЕ ХРОНОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ

Аттокурова Анаркан Джалиловна, п.и.к., доц., Ош МУ, e-mail: anarkan.j@gmail.com
Акылбек к. Гулнура, магистрант, Ош МУ

**Аннотация**

Бул макалада Болон процессинин алкагында окутуунун натыйжалары түшүнүгүнүн кийрилишине хронологиялык анализ жүргүзүлгөн. Ал үчүн жогорку билим берүү министрлери тарабынан 2003-жылы Берлинде, 2007-жылы Лондондо, 2009-жылы Левен / Лувен-ла-Нев (Бельгия) шаарында, 2012-жылы Бухарестте, 2015-жылы Ереванда өткөрүлгөн коммюникелер талдоого алынып окутуунун натыйжалары жана ага негизделип иштелип чыгууга тийиш болгон европалык (улуттук) квалификациялык алкактарга байланыштуу иш-чаралар жана алдыдагы милдеттер каралган. Дублин дескрипторлоруна түшүндүрмө берилип Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагы жана бакалавр, магистратура деңгээлдери үчүн окутуунун натыйжалары (дескрипторлор) келтирилди. Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык алкагынын кесиптик стандарттарды түзүүгө, жогорку кесиптик билим берүү стандарттарын жакшыртууга өбөлгө түзүп жогорку кесиптик билим берүүнүн сапатын жаңы баскычка көтөрүүдөгү ролу белгиленди.

**Түйүндүү сөздөр**: Болон процесси, окутуунун натыйжалары, хронологиялык анализ, коммюнике, квалификациялар алкагы

## ХРОНОЛОГИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ВВЕДЕНИЮ РЕЗУЛЬТАТОВ ОБУЧЕНИЯ В БОЛОНСКОМ ПРОЦЕССЕ

**Аннотация**

В данной статье проводится хронологический анализ введения понятия результатов обучения в рамках Болонского процесса. С этой целью проанализированы коммюнике министров высшего образования, проходивщие в Берлине в 2003 году, в Лондоне в 2007 году, в Левене/Лувен-ла-Нев (Бельгия) в 2009 году, в Бухаресте в 2012 году и в Ереване в 2015 году и отмечены меры и предстоящие задачи, связанные с результатами обучения и европейскими (национальными) квалификационными рамками, разработанными на их основе Были разъяснены Дублинские дескрипторы и приведены результаты обучения (дескрипторы) по Национальной рамке квалификаций Кыргызской Республики уровня бакалавриата и магистратуры. Отмечена роль Национальной рамки квалификаций Кыргызской Республики в повышении качества высшего образования на новый уровень, через содействие в разработке профессиональных стандартов и совершенствовании стандартов высшего образования.

**Ключевые слова:** Болонский процесс, результаты обучения, хронологический анализ, коммюнике, квалификационные рамки.

## CHRONOLOGICAL ANALYSIS OF THE INTRODUCTION OF LEARNING OUTCOMES IN THE BOLOGNA PROCESS

**Annotation**

This article provides a chronological analysis of the introduction of the concept of learning outcomes in the framework of the Bologna process. For this purpose, the communiqués of the Ministers of Higher Education held in Berlin in 2003, London in 2007, Leuven/Louvain-la-Neuve (Belgium) in 2009, Bucharest in 2012 and Yerevan in 2015 were analyzed and noted Measures and upcoming tasks related to learning outcomes and the European (national) qualifications frameworks developed on their basis The Dublin descriptors were explained and the learning outcomes (descriptors) for the National Qualifications Framework of the Kyrgyz Republic at the undergraduate and graduate levels were presented. The role of the National Qualifications Framework of the Kyrgyz Republic in raising the quality of higher education to a new level, through assistance in the development of professional standards and improvement of higher education standards, was noted.

**Key words:** Bologna process, learning outcomes, chronological analysis, communiqué, qualification framework.

Болон процессине катышуучу европалык 33 өлкөнүн билим берүү министрлери Жалпы европалык билим берүү мейкиндигин түзүү процессин баалоо, келечектеги багыттарды жана айкын милдеттерди аныктоо үчүн 2003-жылы Берлинде жолугушкан. Бул жолугушууда Болон Декларациясына кирген өлкөлөргө **окутуунун натыйжаларына негизделген жана** эмгек көлөмү, даярдоо деңгээли, **компетенциялары жана ишмердүүлүк багыттары баяндалган салыштырылуучу жана катарлаш квалификацияларды иштеп чыгуу сунушталган** [1]. Мында “Компетенция (Competence) — окутуу программасын/модулду өздөштүрүүнүн натыйжаларын билдирүүчү параметрлердин - билимдердин, билгилердин, **мамилелердин жана жоопкерчиликтин динамикалык айкалышы катары түшүнүгө болот.** Компетенция түшүнүгү формалдуу квалификацияны, ошондой эле билгилерди жана билимдерди жаңы кесиптик жагдайга “которуу” же инновацияларга жөндөмдүүлүктүн элементтерин камтышы мүмкүн” [2]. Министрлер Жалпы европалык билим берүү мейкиндиги үчүн квалификациялардын алкактык системасын түзүүнү, 2005-жылдан тартып дипломго жалпы европалык Тиркеме берүүгө милдетин алышкан. Мында “Квалификациялар алкагы (Qualifications framework) — Улуттук жана эл аралык деңгээлде таанылган

квалификациялардын деңгээлдер боюнча түзүмдөштүрүлүп системалуу баяндалышы, анын жардамы менен **окутуунун натыйжаларын өлчөө жана аларды өз ара байланыштыруу ишке ашырылып,** дипломдордун жана күбөлүктөрдүн шайкештиги орнотулат" [2].

Жогорку билим берүү министрлери Лондондо 2007-жылы болгон жолугушуусунда квалификациялык түзүмдөр Жалпы европалык билим берүү мейкиндигинде салыштырууну жана ачыктыкты камсыз кылып студенттердин ички жана тышкы мобилдүүлүгүн жеңилдеткен маанилүү курал экендиги, алар ЖОЖдорго **окуу натыйжаларына жана кредиттерге негизделген модулдарды жана окуу программаларын** иштеп чыгууга өбөлгө түзүп квалификацияларды жана мурунку окуунун бардык формаларын тануусун жеңилдетери белгиленген [3].

2010-жылга Жалпы европалык билим берүү мейкиндигинин квалификациялык түзүмүнө карата сертификатталган улуттук квалификациялык түзүмдөрдү Европа Кенешинин колдоосу менен толук ишке ашыруу милдети коюлган. Мында "Улуттук квалификациялар системасы (National Qualifications System) — эмгек рыногу тарабынан кызматкерлердин квалификациясына суроо-талапты укуктук жана институционалдык жөнгө салуу, билим берүү системасы жана окутуу тарабынан квалификацияларды сунуштоо механизмдеринин жыйындысы. Ал өз ара байланыштагы жана аракеттеги, бири-бирин толуктоочу төмөнкүдөй элементтерден турат:

1. Кесиптик ишмердүүлүк аймактары боюнча кесиптик стандарттар.
2. Кесиптик стандарттарды таануу (каттоо) нускамалары (эрежелери жана механизмдери).
3. Квалификациялардын улуттук алкагы.
4. Квалификациялардын сапатын камсыздоо системасы (анын ичинде баалоо жана тастыктоо жол-жоболору, б.а. формалдуу билим берүүдө, формалдуу эмес окутууда жана иш-тажрыйбада өздөштүрүлгөн квалификацияларды тастыктоо/далилдөө).

Ал эми 2009-жылга карата артыкчылыктуу багыттар катары **окутуунун натыйжаларына негизделген жана студентке борборлоштурулган окутууну өнүктүрүү** максатында Улуттук квалификациялык түзүмдөрдү, **окутуунун натыйжаларын жана кредиттерди,** өмүр бою билим алууну жана мурунку окуунун таанылышын интеграциялап кароо сунушталган.

Болон процессине катышуучу 46 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлеринин конференциясы 2009-жылы Левен / Лувен-ла-Нев (Бельгия) шаарында өткөрүлгөн. Жетишкендиктер катары акыркы он жылда окутууга жана Жалпы европалык билим берүү мейкиндигинин эмгек жүктөмдөрүнө негизделген Улуттук квалификациялык алкактардын түзүлүшү белгиленген [4].

Бухарест Коммюникеси Жалпы европалык билим берүү мейкиндигине кирген 47 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлери тарабынан 2012-жылы Болон процессинин ийгиликтерин баалоо жана Жалпы европалык билим берүү мейкиндигин андан-ары өнүктүрүүдөгү артыкчылыктуу багыттарды макулдашуу үчүн кабыл алынган [5]. Бухарест коммюникесинде Жалпы европалык билим берүү мейкиндигин бекемдөө үчүн **окутуунун натыйжаларын кийрүү зарылдыгы** белгиленип аларды өнүктүрүү, түшүнүү жана практикада колдонуу ECTSтин ийгиликтүү болушу, дипломго Тиркемелер, квалификацияларды таануу жана сапатты камсыздоо үчүн чечүүчү мааниге ээ экендиги баса көрсөтүлгөн. 2012-2015-жылдарга карата артыкчылыктуу багыттар катары **окутуунун натыйжаларына негизделген** квалификациялык алкактардын, ECTSтин, дипломго Тиркемелердин кийрилишин камсыз кылуу белгиленген.

Жалпы европалык билим берүү мейкиндигинин жетишкендиктерин талдап 2020-жылга карата артыкчылыктуу багыттарды аныктоо максатында 47 өлкөнүн жогорку билим берүү министрлери 2015-жылы 14-15-май күндөрү жолугушуп Ереван коммюникесин кабыл

Бул макалада онлайн окутуу жараянындагы кээ бир көйгөйлөр жана аларды чечүүгүн жолдору жөнүндө сөз болду. Ошондой эле кенже класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүгү, алардын физиологиялык өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр, ата-эне, мугалим, курбу достору менен мамилесиндеги өзгөзөлүктөр каралды. Инсан катары калыптануусундагы, өнүгүүсүндөгү таасир берген факторлор. COVID-19 пандемиясынын бүткүл дүйнөгө анын ичинде Кыргызстандагы билим берүү тармагына тийгизген таасири. Онлайн окутуу жараяныдагы жаралган тоскоолдуктар, аларды жоюудагы педагогикалык-психологиялык кеңештер. Окутуунун жаңы форматына ыңгайлашууда мугалим, ата-эне жана окуучу ортосундагы байланышты бекемдөө. Түрдүү тоскоолдуктарды жоюуда кенже класстын окуучуларына эки тараптуу моралдык жактан колдоо. Кенже мектеп курактагы окуучулардын онлайн форматта окутуунун натыйжасында канчалык инсандык жана физиологиялык жактан өнүгүүдөгү тоскоолдуктар . Балдардын жогорку эстетикалык сезимдерин жана табиятын калыптандыруу коом менен жандуу байланышты талап кылат. Баланын инсандык сапаттары социалдык коомдо психикалык, моралдык, эстетикалык жана эмгек тарбиясын алуу менен калыптанат.

**Негизги сөздөр:** кенже класс окуучусу, мектеп, мугалим, ата-эне, тарбия, онлайн окутуу, педагогика, психология, коом, тарбия, инсан, пандемия.

## ПРЕПЯТСТВИЯ В ЛИЧНОСТНОМ РАЗВИТИИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ В ПРОЦЕССЕ ОНЛАЙН ОБУЧЕНИЯ И ПУТИ ИХ РЕШЕНИЯ

**Аннотация.**

В данной статье рассматриваются некоторые проблемы в процессе онлайн-обучения и пути их решения. Также учитывались возрастные особенности младших школьников, особенности их физиологического развития, особенности взаимоотношений с родителями, учителями, сверстниками. Факторы, влияющие на формирование и развитие личности. Влияние пандемии COVID-19 на мир, в том числе на образование в Кыргызстане. Препятствия в процессе онлайн обучения, педагогические и психологические советы, как их преодолеть. Укрепить отношения между учителем, родителем и учеником в адаптации к новому формату обучения. Двусторонняя моральная поддержка младших школьников в преодолении различных препятствий. Препятствия личностному и физиологическому развитию младших школьников в результате онлайн-обучения. Формирование высоких эстетических чувств и характера у детей требует живой связи с социумом. Личность ребенка формируется в социальном обществе путем умственного, нравственного, эстетического и трудового воспитания.

**Ключевые слова:** младший школьник, школа, учитель, родитель, воспитание детей, онлайн обучение, педагогика, психология, общество, воспитание детей, личность, пандемия.

## THE OBSTACLES IN PERSONAL DEVELOPMENT OF YOUNG PUPILS IN THE PROCESS OF ONLINE LEARNING AND THEIR SOLUTIONS

**Annotation.**

This article discusses some of the problems in the process of online learning and ways to solve them. The age characteristics of younger schoolchildren, the characteristics of their physiological development, the characteristics of relationships with parents, teachers, and peers were also taken into account. Factors influencing the formation and development of personality. The impact of the COVID-19 pandemic on the world, including education in Kyrgyzstan. Obstacles in the process of online learning, pedagogical and psychological advice on how to overcome them. Strengthen the relationship between teacher, parent and student in adapting to the new learning format. Bilateral moral support for younger students in overcoming various obstacles. Obstacles to personal and physiological development of primary school students as a result of online learning. The formation of high aesthetic feelings and character in children requires a live connection with society. The child's personality is formed in social society through mental, moral, aesthetic and labor education.

**Key words:** junior student, school, teacher, parent, parenting, online learning, pedagogy, psychology, society, parenting, personality, pandemic.

## Киришүү

Заманбап коомдо жаш муунду тарбиялоонун негизги максаттарынын бири – инсандык сапаттарын калыптандыруу, анын ар тараптуу жана гармониялуу өнүгүшүн камсыз кылуу менен бирге келечекке позитивдүү, активдүү келечек ээлерин даярдоо болуп эсептелет.

Бул макалада биз башталгыч класстын окуучуларынын жеке инсандык сапаттары онлайн окутуу жараянында кантип калыптанганын, инсандык сапаттарын калыптандырууда кандай тосколдуктар пайда болгонун жана бул тосколдуктарды кантип чечүү керектигин баса белгилөөгө аракет кылабыз.

Инсан кантип өнүгөт, кандай факторлор анын калыптанышына таасир этет?

Инсандык өнүгүү теориясы советтик педагогиканын алгачкы жылдарынан тарта иштелип чыгып, калыптана баштаган. Н.К.Крупская, А.В.Лунагарский, П.П.Блонский, А.С.Макаренко, С.Т.Шацкий кийинчерээк Н.К.Гончаров, Ф.Ф.Королев, Э.И.Моносзон жана В.А.Сухомлинский сыяктуу советтик көрүнүктүү педагогдор инсан калыптанышын изилдөөгө өзгөчө олуттуу салым кошушкан. Инсан түшүнүгүнүн такталуусу педагогика үчүн абдан маанилуу болуп эсептелет. Чынында эле, билим берүү объектиси катары «инсан» деген эмне, бул түшүнүк менен «адам» түшүнүгүнүн ортосунда кандай байланыш бар

экендигин улуу педагог жана психологдордун өздөрүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыгында калтырылган пикирлеринен билебиз.[10]

**Изилдөө материалдары жана усулдары.**

Биринчиден адамдын жалпы өнүгүүсүндө бири-бири менен байланышкан эки багыт бар экендигин белгилей кетүү керек – биологиялык жана социалдык. Адамдын төрөлгөндөн баштап өнүгүү процессине кайрылсак бул эки багытты так байкаса болот. Бирок, адамдын биологиялык өнүгүү процесси, аны коомдук жандык катары мүнөздөгөн көптөгөн социалдык касиеттерге жана сапаттарга ээ болуу менен тыгыз айкалышканын билебиз. Адам биологиялык жандык катары, жашоо процессинде, өзүнүн социалдык маңызын мүнөздөгөн көптөгөн социалдык касиеттерин жана сапаттарын өндүрөт жана өнүктүрөт. Демек, «адам» түшүнүгү анын биологиялык жана социалдык касиеттерин жана сапаттарын айкалыштырат. «Инсан» түшүнүгү адамдын социалдык касиеттерин жана сапаттарын гана камтыйт, алар сөз, аң-сезим, ар кандай адаттар ж.б.,алар аны коомдук жандыкка айландырат. К.Маркс «"өзгөчө инсандыктын" маңызы канында эмес, абстракттуу физикалык табиятында эмес социалдык сапатында» деп жазган. [9]

Ошентип «инсан» түшүнүгү адамдын социалдык маңызын мүнөздөйт жана анын өмүр бою калыптанган коомдук касиеттеринин жана сапаттарынын жыйындысын билдирет. Чөйрөнүн факторлору – бул адамга түздөн – түз жана кыйыр таасир эткен бардык нерселер: үй-бүлө, бала бакча, мектеп, мектеп жамааты, мугалимдин личносту, жаштар бирикмелери, массалык маалымат каражаттары, китептер ж.б.

Алар төмөнкүлөрдү камтыйт: микрочөйрө – бул түздөн-түз төрөлгөндөн баштап адамды курчап турган чөйрө жана анын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизет (ал атап айтканда төмөнкүлөрдү камтыйт: үй-бүлө, ата-энелер, жашоо шарттары, оюнчуктар, ал окуган китептер ж.б.); мезосистема – тарбиянын таасирдүүлүгүн аныктаган жана олуттуу таасир эткен ар кандай турмуштук тармактардын ортосунда өнүгүп жаткан өз-ара мамиле (аларга мисалы: мектеп жана үй-бүлө; үй-бүлө мүчөлөрү кирген бирикмелер; балдар өз убактысын өткөрүп жаткан үй-бүлө жана сырткы чөйрөсү ж.б. кирет). Мектеп окуучуларынын личностун калыптандырууда тарбиялоо чөйрөсү катары өзгөчө маанилуу фактор болуп мектеп эсептелет. [8]

**Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары жана аларды талкулоо**

COVID-19 пандемиясы тарыхта билим берүү тутумунун үзгүлтүккө учурашына алып келген эң ири кесепеттердин бири болду. Дүйнөнүн 190дон ашуун өлкөсүнө жана анда жашаган 1,6 миллиард билим алуучуларга таасирин тийгизди. 2020-жылдын 11-мартында Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму COVID-19 пандемиясы жөнүндө анын жалпы жер шарына жайылуусун жар салды. Аталган жылдын 12-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү коомдук иш-чараларга тыюу салгандыгын жарыялаган. Кыргызстанда пандемиянын жайылышына байланыштуу онлайн окутууга өтүү мамлекеттик билим берүүгө гана эмес жеке менчик билим берүү мекемелери үчүн да чоң сыноо болду. Кээ бир билим берүү мекемелеринде техникалык каражаттардын жана кадрлардын жетишсиздигинен улам окутуу үзгүлтүккө учурады. Бул жараяндын алкагында, окутууну аралыктан жүргүзүү жана заман талабына ылайык ыкчам, эффективдүү уюштуруу үчүн билим берүү мекемелерин заманбап техникалык каражаттар менен камсыз кылуу гана эмес, аларды пайдалана билүү, реалдуу режимде колдонуу негизги маселеге айланды. 2020-жылы жаздын биринчи күндөрүндө Кыргызстанга корона вирус жетти жана медицина, билим берүү жана өлкөнүн экономикасындагы кырдалдын бардыгын чектеди. COVID – 19 таркалган учурдан баштап Кыргыз Өкмөтү оорунун алдын алуу боюнча чараларды көрө баштады жана санитардык – карантиндик көзөмөлдөө күчөтүлдү. Пандемия дүйнөнү титиретти. Мындай жагдайга эч ким даяр болгон эмес. Бул дүйнө жүзүндөгү адамдарга катуу сыноо болду. Пандемия COVID – 19 себеп окуучуларга жана студенттерге онлайн окууга ылайыкташууга туура келди. Бул милдет окуучу үчүн да мугалимдер үчүн да жеңил болбоду.

Мектеп мугалимдери менен кошо окуучулар да онлайн окутуу үчүн психологиялык жактан даяр эмес болчу, түрдүү кыйынчылыктар келип чыкты.

Онлайн окутуу башталганда көптөгөн үй-бүлөлөр интернет байланышынын жана айыл жеринин кээ бир аймактарда телевизордун жоктугунан да кыйынчылыктарга туш келишти. Ата-энелерге чоң жүктөм түшүп алар балдардын сабактарына көбүрөөк убакыт жана көңүл бурууга туура келди.

Кенже мектеп окуучуларынын көпчүлүк бөлүгү өз көңүлүн бура албайт, алар бардык иш-аракеттерин башкара албайт. Башталгыч класстардын окуучуларынын психикасы өз алдынча окуу үчүн жетиштүү өнүккөн эмес. Малыматтарды издөө жана талдоо үчүн көндүмдөргө ээ эмес. Албетте мындай көйгөйлөр, ата-энелер мугалимдин ролун аткарууга келди. Натыйжада балдардын окууга болгон кызыгуусунун төмөндөшүнө алып келет.

Дистанттык окууга өтүү менен балдарда окуу процессинде өз ара аракеттенүүдө зарыл социалдаштыруу көндүмдөрү жоголду. Окуучулар арасындагы жандуу байланыш жок болду. Мектеп ортосунда жандуу байланыштын жоктугу олуттуу жоготуу, анткени мектепте балдар тышкы дүйнө менен өз ара мамилеге үйрөнүшөт, коомго кошулат, жаңы чөйрө менен байланышы кеңейет. Баланы адеп-ахлактык жактан тарбиялоо мектепке чейин эле үй-бүлөдө башталат бирок бала коомдо жолдошторунун журум турумун, мамиле маданиятын көрүп гана өзүнө жыйынтык чыгарат. [7]

Салттуу окутуу жараянында кенже мектеп окуучусунун психикасы интенсивдүү түрдө өнүгүп, инсандык сапаттары калыптанат. Биргелешкен окуу иш процессинде балдарда жаңы өз ара маамилелер күзөтүлөт. Мектепте жаңы өткөрүлгөн бир нече апта окуудан кийин биринчи класс окуучуларынын көпчүлүгүндө уялуу, чечкинсиздик (нерешительность) жаңы таасирленүү (впечатление) көлөмү жоголуп кетет. Алар парталаштарынын журум-турумуна кылдаттык менен карай башташат, кызыкчылыктары окшош болгон классташтары менен байланыш түзүшөт.[3]

Кенже класс окуучуларынын маамилесинин мүнөздүү өзгөчөлүгү, алардын достугу, эреже катары, сырткы жашоо шарттарынын жалпылыгына жана кызыкчылыктарынын туш келишине негизделет (балдар бир партада отурушат, бир үйдө жашашат, укумуштуу (приключенческая) адабияттарга кызыгышат ж.б.). Тогуздан он жашка чейинки балдар өзүнүн эпчилдиги, тапкычтыгы жана кайраттуулугуна берилген классташтарынын баасына абдан кызыгышат жана бул баа өзүнүн каалоосуна карама-каршы болсо тынчсызданышат. Бирок мындай тынчсыздануу кыска мөөнөттүү жана эң башкысы чоңдор же мугалим тарабынан жеңил өзгөрөт. Салттуу окутуу жараяны мугалимге балдар менен жекече иш алып барууга мүмкүнчүлүк берет.

Практика көрсөткөндөй, COVID – 19 пандемиясынын онлайн окутуу жараянында башталгыч класстын окуучулары бир канча кыйынчылыктарга дуушар болушту, коом менен жандуу байланыштын жоктугунан интеллектуалдык жана руханий жактан начар өнүгүп жатканына күбө болуп жатабыз.

Кенже мектеп курактагы окуучулардын онлайн форматта окутулушунун натйжасында канчалык инсандык жана физиологиялык жактан өнүгүүдө артта калып жаткандыктары баарыбызга белгилуу. Балдардын жогорку эстетикалык сезимдерин жана табиятын калыптандыруу коом менен жандуу байланышты талап кылат. Баланын инсандык сапаттары социалдык коомдо психикалык, моралдык, эстетикалык жана эмгек тарбиясын алуу менен калыптанат.

Л.Н.Толстой адамдын өнүгүүсүн мөмөлү дарактын өсүшү менен салыштырган. Анткени, түз мааниде аны өстүргөн адам эмес, өзү өсөт. Ал бир гана топуракты жумшартат, жер семирткичтерди чачат, кошумча бутактарды алат, башкача айтканда, анын өзүн өнүгүшүнө өбөлгө түзүүгө жана ага дем берүүчү зарыл тышкы шарттарды түзөт. [6]

Онлайн окутуунун оң жана терс жактары жөнүндө социалдык коммуникациялык тармактарда ар түрдү контенттер жарыяланып жатат, бирок биз бул түрдөгү окүтүү (онлайн

окутуу) баланын жеке инсандык сапаттарынын калыптанышына терс таасир этерин байкап жатабыз. Өз убактынын көп бөлүгүн компьютерде өткөрүү канчалык баланын ден соолугуна кооптуу экенин медицина кызматкерлери тастыкташкан.

Демек, кенже класс окуучуларына компьютерден көп убакыт пайдалануу өмүрүнө коркунуч туудурат. Мугалимдин визуалдык көрүнүшү, анын жандуу сөзү окуу материалы менен таанышууну коштойт.

Мугалим сабак учурунда көрсөтмө куралдардын ар кандай турлөрүн колдонуп, сүрөткө ккомментарий бере алат. Мунун баары окуучуга кызыгуусун жогорулашына, дүйнөнү таанууга активдуу болууга мүмкүндүк берет.

Башталгыч класстын окуучулары физиологиялык жактан өтө активдуу болушун эстен чыгарбоо керек. Ошондуктан, көргөзмө куралдарды тартуу, окуу материалын талкулоо үчүн диалогго кирүү мүмкүнчүлүгү бул курактагы бала үчүн өтө маанилүү. Кенже мектеп окуучусунун элин, жерин жана мекенин сүйүү; дүйнөнү үйрөнүүгө кызыкдар, үй-бүлөөнүн жана коомдун баалуулуктарын урматтоо; маектешип уга алуу; өз пикирин айта алуу ж.б. сыяктуу жеке сапаттарга ээ болушу үчүн жандуу коомдо өнүгүүсу зарыл. Күтүлбөгөн жагдайдан улам мектеп, мугалимдер жана ата-энелер кичинекей окуучуга билим алууга жардам берүүгө аргасыз болушту. Ата-энелер сабактарга жумуш ордун уюштуруу жараянына жоопкерчилик менен мамиле кылышы зарыл.

Бул форматтагы окутуу бала менен ата-энеге стрессиз өтүшү үчүн, адегенде бул жараян кандай болуусу жөнүндө ата-энеде түшүнүк болуусу, мектеп сунуштаган дистанттык окутуунун бардык нюанстары менен тааныш болуусу зарыл. Андыктан ата-эне дистанттык окутууда баланы колдоп жардам берүүсү зарыл. Ал үчүн мындай форматтагы окуу чоң стресс. Окуу процесси балага кубаныч алып келиши керек, ошондо билим натыйжасын көрө алыш мүмкүн. Ата-эне жана окутуучулар окуу процессин ыңгайлуу кылуусу жана техникалык жактан онлайн-окутууга даярдануусу керек. Ата-энелер мугалимден онлайн-окуу жараянында баланы колдоо боюнча кеңеш сурап тыгыз байланышта болуусу зарыл. Окуу натыйжасы дистанттык окуу процессинде жакшы болушу үчүн, мектеп режимин сактоого өзгөчө көңүл буруу зарыл (күндүн кадимки тартибин сактоо маанилүү).

**Жыйынтык.**

Ата-эне балага онлайн-этикетин үйрөтүүсү зарыл. Ийгиликтерин жазып барууга кеңеш берүүсү зарыл. Аралыктан окутуу процесси башталганда үй-бүлөдө жагымдуу психологиялык чөйрө жаратуу балдардын кызыгуусун, билим алууга болгон шыгын ойготот. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн (чоң ата, чоң эне, бир туугандар) бардыгы үй-бүлөдө окуу процессине активдүү катышуусу максатка ылайыктуу. Балдардын мыкты окуусу үчүн сабак даярдоочу атайын бөлмө же орун даярдап, аны стол, стул, жетиштүү жарык (стол лампасы) жана керектелүүчү окуу куралдары менен камсыздоо зарыл. Айрыкча сабак даярдоочу бөлмө санитардык-гигиеналык талапка жооп берип, таза аба болушу шарт. Аралыктан окууга керектүү зарыл техникалык каражаттар: телефон же планшет, ноутбук же компьютер менен мүмкүнчүлүккө жараша камсыздоо керек. Эң башкысы техникалык каражаттардын сапаттуулугуна, балдар үчүн коопсуз экендигине ата-эне маани берүүсү шарт. Бир үй-бүлөдө 3-4 окуучу окугандыктан, онлайн сабактар бир мезгилге туура келип калса, мүмкүн болушунча ар бирине өзүнчө зарыл болгон техникалык каражаттарды алып берүүгө аракеттенүү керек. Үй-бүлөдө аралыктан окуу процесси башталган учурда балдардын “Күн тартибин” жана сабактардын жадыбалын мугалимдер, класс жетекчиси менен макулдашып, түзүп, көрүнүктүү жерге илип жана аларды ошого таянууга үйрөтүү зарыл. Күн тартибинде балдардын сабак даярдоосу, китеп окуусу, эс алуусу, зарылдыкка жараша күндүз жарым саат же бир саат уктоосу, таза абада жүрүүсү, эмгек тарбиясын алуусу ата-энелер тарабынан эске алынышы зарыл. [1]

Телеканалдардан бериле турган телесабактардын бир жумалык, мектеп мугалимдери тарабынан өтүлүүчү онлайн сабактардын, кайтарым байланыштардын ийкемдүү жадыбалын

түзүп, баланын сабак даярдаган бөлмөсүнө илип, ата-эне тарабынан көзөмөл жүргүзүлүшү шарт. Телесабактарды өз убагында көрө албай калган учурда атайын билим берүү порталына, ютуб каналдарына жүктөлгөн сабактар ата-энелердин жардамы менен балдарга камсыздалышы керек. Сабактардын аралыгында дайыма 15 мүнөттүк тыныгууну уюштуруп, таза абага чыгарып, бир туугандары менен кыймылдуу оюндарды ойноого, гимнастика жасоого, эс алууга шарт түзүү максатка ылайыктуу. Айрыкча балдар үчүн гимнастика кан айлануусун жакшыртып, мээнин кабыл алуусу үчүн абдан маанилүү экендигин ата –энелер унутпашы керек. Балдарды жакшы окууга ата-эне ар дайым шыктандырып туруусу зарыл. Мисалы: үй тапшырмаларын жакшы аткарса, жакшы баа алса, ошону белгилеп, сүйүндүрүп, бааларын кагазга жазып илип коюп, үй-бүлө мүчөлөрүнө айтып, шыктандыруу. Ата-эне баласы менен бирге кубанып, эпидемия убактылуу экендигин эскертип, буйруса бул кырдаал таркап кетсе, кадимки жандуу окуу процесси башталарын айтып, эскертип, баланын үмүтүн сактап калышы керек. Айрыкча кайтарым байланышка маани берүү, балдардын китеп окуусун уюштуруу маанилүү.

Урматтуу ата-энелер, балдар телевизор, интернет, телефондон чарчайт, тажайт, ошондуктан сөзсүз алардын столунда тиешелүү предмет боюнча окуу китеби болуп, балдар түштөн кийин, кечинде үй тапшырмасын аткарганда, окуу китеби менен даярдануусуна да шарт түзүү менен аларга дайыма көзөмөл кылуу зарыл.

Жогоруда айтып өткөн бир нече сунуштардан төмөнкүдөй кадамдарды белгилөөгө болот.

1. Жагымдуу чөйрө жаратуу.
2. Бала монитордон тыныгуу алышы керек экенин жана курдаштары менен баарлашуунун маанилүүлүгүн унутпоо керек.
3. Ата-энелер мугалимдер менен тынымсыз байланышта болуусу зарыл.
4. Керектүү каражаттар менен камсыздоо, шарт түзүү.
5. Күн тартибин, балдар менен чогуу пландаштыруу.
6. Балдар үчүн тыныгууну чогуу уюштуруу.
7. Балдарды дайыма шыктандыруу.
8. Телесабак, үй тапшырма, кайтарым байланыш жасоо.
9. Балдарды үйдө жалгыз калтырбоо.

Балдарды моралдык жактан колдоп, эч качан өзү жалгыз калуусуна жол бербөө керек. Мүмкүн болсо балдарды өзүн жалгыз үйдө калтырып кетпегенге аракеттенүү зарыл. Аларды классташтары менен, бир туугандары менен, кошуна балдары менен телефон аркылуу, же мүмкүнчүлүк болушунча коопсуздук эрежелерди сактап, байланышына шарт түзүп берүү керек. Ата-эне жана окуучу класс жетекчи менен дайыма байланышып туруусу да жакшы натыйжа берет. Окуучунун өзүнүн классташтары менен байланышып, тапшырмаларды тактап, ой бөлүшүп турушу да өзгөчө мааниге ээ.

Мектепте айрым класстар реалдуу режимде окууга келе турган болсо, ата-энелер балдарына керектелүүчү шарттарды түзүп берүүсү шарт. Керектүү гигиеналык каражаттар менен камсыз кылуу керек. Ар күнү ата-энелер балдарын мектепке алып келгенде, класс жетекчисине ден соолугу жөнүндө айтып: баланын дене табын өлчөп, жакшы болсо, тапшырып кетүүсү керек. Эгерде баланын дене табы жогору болсо, ал күнү мектепке алып келбөө шарт.

**Адабияттардын тизмеси:**

1. Д.А.Жолдошбаев, А.Ж.Кудуев. Конфликттик көйгөйлөрдө педагогикалык чебердик. Ош, 2019-ж.
2. М.Р.Рахимова, Т.В.Панкова, А.Т.Калдыбаева Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы. Бишкек, 2009-ж.
3. К.Миңбаев, А.Закиров. Психология., Ош, 2010-ж.
4. З.С.Абдураимова. Баланы мектепке окууга даярдоодо үй-бүлөнүн ролу. Ош. 2000-ж.
5. А.Исаев Педагогика. Ош, 2017-ж.

6. И.Подласый. Педагогика., Москва, 2000г.
7. Л.В.Мардахаев. Социальная педагогика. Москва, 2006г.
8. И.Ф.Харламов. Педагогика. Москва, 1990г.
9. Т.А.Ильина. Педагогика. Москва, 1994г.
10. В.А.Сластенин, И.Ф.Исаев, и др. Педагогика. Москва, 2000г.
11. Общая психология Под редакцией проф. А.В.Петровского. 1977.

**УДК** 37.011

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН КЫЗМАТТАШТЫК ПАДГОГИКАСЫНЫН НЕГИЗИНДЕ ЭКОНОМИКАЛЫК ТАРБИЯЛООНУН МЕХАНИЗМДЕРИ

Абиева Юлдуз Б. Сыдыков атындагы КӨЭУ, ага окутуучу
yulduz_abieva@br.ru

**Аннотация**

Бул макала мектеп окуучуларына билим берүүдө кызматташтык педагогиканын ролун чагылдырган. Ошондой эле дүйнөлүк масштапда кызматташтык педагогикасы кандай даражада экономикалык тарбияга таасир этүү көйгөйлөрү талдоого алынган жана ага өзгөчө басым жасалган. Башталгыч класстын окуучуларын экономикалык жактан тарбиялоо татаал болгондугуна байланыштуу бул чөйрөө ийгиликтерге жетишүүдө экономикалык билим жана каржы ресурстарынын абалы ээлеп турган орду каралып, экономикалык тарбиянын механизмдери иштелип чыккан. Изилдөөнүн предмети –башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо кызматташтык педагогикасынын негизиндетарбиялоонун методикасы. Илимий макаланын максаты – башталыгч класстын окуучуларын экономикалык жактан тарбиялоонун механизмдерин иштеп чыгуу жана окуу процессине жайылтуу. Тарбиялоо процессинде окуучулар менен кайтарым байланыштарды ишке ашырууда салыштыруу методдору, фактыларды анализдөө, маалыматтар менен иштөө методдору колдонулган. Жыйынтыгында орто мектептин окуучуларына экономикалык тарбия берүүнүн механизми иштелип чыкты. Илимий макаладан алынган натыйжаларды орто мектептин башталгыч класстарынын окууларын тарбиялоо процессинде колдонууга болот.

## МЕХАНИЗМЫ ЭКОНОМИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ НА ОСНОВЕ СОТРУДНИЧЕСКОЙ ПЕДАГОГИКИ УЧЕНИКОВ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация**

В данной статье отражается роль сотруднической педагогики в обучении школьников. Также были проанализированы и сделан особый акцент на проблемы влияния сотруднической педагогики на экономическое воспитание в глобальном масштабе. В связи со сложностью экономического воспитанияучеников начальных классов была рассмотрена роль экономического образования и финансовых ресурсов в достижении успеха в этой области, а также разработаны механизмы экономического воспитания. Предмет исследования - методика воспитания младших школьников на основе сотруднической педагогики. Цель научной статьи - разработать механизмы экономического воспитания

учеников начальных классов и внедрить их в учебный процесс. В процессе обучения использовались методы сравнения, анализа фактов, обработки данных при реализации обратной связи с учениками. Результаты научной статьи могут быть использованы в процессе воспитания учеников начальных классов.

**MECHANISMS OF ECONOMIC EDUCATION ON THE BASIS OF COLLECTIVE PEDAGOGY OF STUDENTS OF EARLY CLASSES**

**Resume**

This article reflects the role of collaborative pedagogy in teaching schoolchildren. They also analyzed and made a special emphasis on the problems of the influence of collaborative pedagogy on economic education on a global scale. In connection with the complexity of the economic education of primary school students, the role of economic education and financial resources in achieving success in this area was considered, and mechanisms of economic education were developed. The subject of the research is the methodology of educating primary schoolchildren on the basis of collaborative pedagogy. The purpose of the scientific article is to develop mechanisms for the economic education of primary school students and introduce them into the educational process. In the learning process, methods of comparison, analysis of facts, data processing were used when implementing feedback from students. The results of the scientific article can be used in the process of educating primary school students.

**Ачкыч сөздөр:**механизм, экономикалык тарбия, каржы, технология, кызматташтык, мотивация, тарбиялоо, билим берүү.

**Ключевые слова:**механизм, экономическое воспитание, финансы, технология, сотрудничество, мотивация, воспитание, образование.

**Keywords:**mechanism, economic education, finance, technology, cooperation, motivation, upbringing, education.

Эл аралык уюмдар жана дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү тарабынан билимберүү туруктуу өнүгүүнүн негизги күчү деп кабыл алынган.Ошондойэле биздин мамлекетте дагы 2023-жылга чейин билим берүүнүн жаңы концепциясы "окутуунун сапатын баалоо процессин жана инструменттерин өркүндөтүү, механизмдерди ишке ашыруу натыйжаларын практикага жайылтуу" кечиктирилгис милдет катары белгиленген [3]. Айрыкча, кызматташтык педагогиканын негизинде билим сапатын долбоорлоо, окуу диалогунун негизинде билим берүү процессин индивидуалдаштыруу, кызматташтык окутуунун технологияларын иштеп чыгуу жана практикада колдонуу боюнча методикалык системаны өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

Дүйнөдөгү кызматташтык педагогиканын негизинде экономикалык тарбиянын сапатын жогорулатуу боюнча ишке ашырылып жаткан илимий изилдөөлөрдөокуу-тарбия процессинин натыйжалуулугуна өзгөчө көңүл бурулуп, кызматташтык педагогиканын негизинде жеке инсандык мамилеге негизделген окутуунун моделдерин иштеп чыгуу зарылдыгы баса белгиленди. Азыркы күндө кызматташтыкпедагогиканын негизинде билим берүү жана тарбиялоонун сапатын жогорулатуунун методикалык шарттарын аныкташтырып, кызматташып окутуунун концептуалдык идеяларын практика жүзүндө ишке ашыруу боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бурулууда. Ошол эле учурда тарбиялоонун технологияларын иштеп чыгуу, үй-бүлө, мектептин интеграциясын камсыз кылуучу педагогикалык механизмдерди өркүндөтүү чоң мааниге ээ.

Өндүрүш коомдун өнүгүшүн камсыз кылуу, калктын жыргалчылыгын жогорулатууга кызмат кылуу, жарандардын экономикалык аң-сезимин жана маданиятын тарбиялоо, алардын ортосунда өндүрүштүк атаандаштыкты түзүү аркылуу камсыздалат.Эркин атаандаштык коомдун мүчөлөрүн базар тарбиясынын шартында өзгөчө активдүүлүктү, ички потенциалды көрсөтө билүүнү талап кылат. Атаандаштык болсо калктын, айрыкча өз алдынча жашоого кадам таштап жаткан жаштардын социалдык-экономикалык тарбиясын кандай дэңгээлде уюштурууга даяр эукндигин билдирет.Демек, жалпы орто билим берүүчү

мектептеринде башталгыч класстын окуучуларын кызматташтык педагогиканын негизинде экономикалык жактан тарбиялоодо натыйжалуу даярдоого олуттуу көңүл буруу максатка ылайыктуу.

Башталгыч класстын окуучуларын экономикалык жактан тарбиялоо татаал жана көп тепкичтүү процесс болуп эсептелинет. Ошол себептен жашы жеткен инсан тарабынан экономикалык тарбиясынын ийгиликтүү уюштурулуусу ал тарабынан өздөштүрүлгөн экономикалык, каржы билим жээ каржы каражаттын жетиштүү экендиги менен белгиленбейт. Мында эң маанилүү болуп инсандын экономикалык түшүнүккө, экономикалык тарбиясын мааниси жактан толук элестетүүлөгө ээ болуунун негизинде пландаштырып, иштеп чыгаруу жана башкарууга тиешелеүү практикалык көндүмдөргө ээ болуусу эсептелинет [4].

Ар бир үй-бүлө кылымдар бою балдарына үй-бүлөлүк чарба (жер жана көмөкчү дыйканчылыкты) жүрүтүү, үй-бүлөлүк бюджетти түзүп алуу, үй-бүлөлүк эмгекти бөлүштүрүү жолго коюу, салыктарды төлөө, күн сайын соода кылуу, тамак-аш жана күнүмдүк кийимдерди сактоо, бут кийим (оңдоо), турак жай куруу, учурдагы жана капиталдык оңдоо, үй (ашкана) жабдуулары жана буюмдардын жарактуулугун камсыздоо, эмгек жана окутуу куралдарына позитивдүү мамиледе болуу, соода тарбиясын уюштуруу, ошондой эле ар бир кесиптин сырларын өздөштүрүүнүн жолунда теориялык жана практикалык тарбияны камсыз кылынып келген.

Эгер уул балдар 9-12 жашта болсо, соода, кол өнөрчүлүк,багбанчылык жана дыйканчылык менен түздөн-түз алектенген болсо, ошол эле курактагы кыздар чоң энелердин, энелердин жана эже-сиңдилердин жардамы менен ашпозчулуктун, тигүүчүлүктүн, үй тиричиликтин, белгилүү бир кесиптердин (сайма, зергерчилик, саймачылык, тигүүчүлүк, токуучулук) сырларын өздөштүрүлүшүнө көңүл бурулган[2].

Экономикалык багытта үй-бүлөлүк тарбияны уюштурууда балдар акчаны, байлыктын, молчулуктун, бийликтин символу катары кабыл албагандай кылып кабыл албашы керек. Тескерисинче, акча, бардык материалдык байлыктар сыяктуу эле, адамдардын эмгегинин жемиши, үзүрлүү, ийгиликтүү иштин натыйжасы болсун. Ошондой эле, бардык материалдык буюмдарга салыштырмалуу этият менен мамиледе болсо, акча каражаттарын каржылоого дагы ошондой эле дэңгээлде жоопту болот. Аны ишке ашырууда башталгыч класстын мугалими анализ жана синтез ыкмаларына терең көңүл буруусу зарыл. Мугалим анализ жана синтез ыкмасынын маңызын ачып берүү менен, аларды пайдалануунун жолун түшүндүрүү оң жыйынтыктарды берет[5].

Ата-энелердин же чоң ата, чоң энелердин жеке же башка адамдардын турмуштук тажрыйбаларына таянып, ак ниет эмгек менен гана акча табууга болору жөнүндөгү кеңештери балдарда эмгек жашоо зарылдыгы жана шарты деген түшүнүктөрдү жаратуу менен акчаны үнөмдөп иштетүү түшүнүктөрү калыптанат. Мындан тышкары, келечекте чоң суммадагы акча тапса дагы, токтоолуктуулук менен мамиледе болууну үйрөнөт.

Башталгыч класстын окуучуларына экономикалык жактан тарбиялоодо аларды керектөөчү катары болушунча көбүрөөк акча табууга жана тапкан кирешесин туура сарптоого үйрөтүү маанилүү. Бул үчүн аларда көбүрөөк киреше табууга мүмкүнчүлүк бере турган көндүмдөрдү өркүндөтүүгө көңүл бурушу керек[1]. Ушуга байланыштуу, алардын белгилүү бир кесип же кесип боюнча эмгекти жана кесиптик ишмердүүлүктү уюштуруу жөндөмүнө ээ болушун камсыз кылуу, ошондой эле башталгыч класстын окуучуларында материалдык ресурстарды пайдаланууга жана пайдаланууга сарамжалдуу мамиле жасоо жөнүндө чечим кабыл алуу максатка ылайыктуу.

Ошентип, башталгыч класстын окуучуларына экономикалык билим берүү татаал, көп баскычтуу педагогикалык процесс болуп эсептелинет. Экономикалык билим, үй-бүлөлүк бизнес же мектептеги бизнес долбоорлорго активдүү катышуу, эмгек жана өндүрүштүк көндүмдөр, ошондой эле экономикалык компетенттүүлүк сапаттарына (айкын максатка жана

иш-аракеттер планына ээ болуу, демилгелүүлүк, ишкердик, чыгармачылык, экономикалык маселелердеги кырдаалды так баалоо , ар кандай экономикалык кырдаалдарда акылга сыярлык чечим кабыл алуу, атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, ийгиликсиздиктен чөкпөө, тобокелчиликке даяр болуу ж.б.) ээ болуу башталгыч класстын окуучуларын экономикалык тарбиясын аныктайт. Башталгыч класстын окуучуларына экономикалык тарбиясына багытталган педагогикалык процессти уюштуруучулук жана методикалык жактан туура, натыйжалуу ишке ашыруу артыкчылыктуу принциптердин тандоосуна байланыштуу.

**Башталгыч класстын окуучуларын класстан жана мектептен тышкары экономикалык кызматташтыкка даярдоо механизми**

| 1-вариант | 2-вариант |
|---|---|
| 1. "Мектептин ишкер окуучуларынын тобун" түзүү (же үй-бүлөлүк бизнес жолго коюу).<br>2. Соода дүкөндөрү менен келишимге ээ болуу.<br>3.Продукцияны соода дүкөндөргө жеткирүү.<br>4. Продукцияны реализация кылуу | 1. “Мектептин жаш ишекрлери тобун” түзүү (же үй-бүлөлүк бизнес жолго коюу).<br>2. Мектеп жаранкесин уюштуруу.<br>3. Жарманкеде продукцияларды реализация кылуу. |

Механизм өтө жөнөкөй болгону менен, аны ишке ашыруу кыйла татаал процесс, бул үчүн алгач негизделген бизнес-планды (бизнес-долбоор же стартап - башталгыч бизнес-план) даярдоо керек.

Ар кандай мезгилдерде дагы, адам жашоосунун маанилүү компоненти, базар экономикасынын негизги шарты болгон чарбалык ишти туура, натыйжалуу уюштуруу социалдык билим берүүнүн өзүнчө багыты катары каралып келген. Изилдөөнүн жүрүшүндө, башталгыч класстын окуучуларын экономикалык жатан тарбиялоо педагогикалык, психологиялык жана экономикалык мотивацияга тиешелүү адабияттарды окуп үйрөнүү, андагы айтылган идеяларды талдоо, тиешелүү жаш курагындагы инсандардын ишмердүүлүгүн байкоо аркылуу татаал болгон башталгыч классттын окуучуларын экономикалык тарбиялоо төмөндөгүбаскычтарда болуп өтөт деген жыйынтык чыгарууга болот:

1) диагностикалоо баскычы – анкеталык сурамжылоо, баарлашуу, байкоо, көндүмдөрдүн, көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын аныктоо, анкеталарды, интервьюларды, байкоонун жардамында башталгыч класстын окуучулары тарабынан экономикалык тарбиянын социалдык, индивидуал маанисинин бааланышы, экономикалык билим, жөндөм, көндүмдөрүн өздөштүрүүгө болгон кызыгуу жана керектөөлөр бар экендигин аныктоо;

2) адаптациялоо баскычы - практикалык тапшырмаларды жана дидактикалык оюндарды (кроссворд, анаграмма, ресбус) колдонуп, башталгыч класстын окуучуларынын аң-сезимине теориялык экономикалык тарбияны сиңирүү аркылуу башталгыч класстын окуучуларын практикалык экономикалык иш-аракеттердин процессине даярдоо;

3) практикалык-практикалык этап - ролду жана ишкердик оюн мүнөзүн чагылдырган "Экономикалык стартап", "Мектептин бизнес моделин" түзүү, окуучуларды үй-бүлөлүк бизнеске катышуусун изилдөө, интерактивдүү методдорго негизделген тапшырмаларды колдонуу менен өспүрүмдөрдүн экономикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу, жөндөм, көндүмдөрдүкалыптандыруу;

4) контролдоо жана баалоо баскычы - "Экономикалык стартап" жана "Мектеп бизнес моделинин" практикалык натыйжаларына ылайык, башталгыч класстын окуучулары тарабынан экономикалык тарбияны практикада колдоно билүүгө тиешелелүүжөндөмдөрүнүн жана көндүмдөрүн өнүккөндүк деңгээлин баалоо;

5) рефлексивдүү баскыч - башталгыч класстын окуучуларынын экономикалык тарбиялангандык деңгээлин өз алдынча баалоо көндүмдөрүн өркүндөтүү; алар тарабынан рефлексивдүү баалоонун ырааттуу жолго коюлуусуна жетишүү.

Бул баскычтар милдеттүү жана ыктыярдуу болуп, окутуу процессин, класстан жана класстан тышкаркы иштерди камтыйт. Ар бир баскычта жергиликтүү шарттарга жана улуттук-экономикалык баалуулуктарга таянуусуу башталгыч класстын окуучулары тарабынан өздөштүрүлүп жатканбилим, билгичтиктерди жана жөндөмдөрдү бекемдөөнүкамсыз кылат.

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде башталгыч класстын окуучуларынын курагына, физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ошондой эле жеке руханий жана адеп-ахлактык сапаттарына таянуу алардын арасында экономикалык тарбияны натыйжалуу жайылтууга мүмкүндүк берет. Мында практика жүзүндө ишке ашырылуусун талап кылуучу милдеттерди алардын маанисине көрө белгилүү бир баскычтарда чечилүүсү педагогикалык ишмердүүлүктү ырааттуу жана системалуу уюштурууну камсыз кылат.

Башталгыч класстын окуучуларын класста жана мектептен тышкары экономикалык тарбияны уюштурууга даярдоодо негизги багыттар, натыйжалуу педагогикалык ыкма, артыкчылыктарды туура тандоо менен бирге когнитивдик негиз катары аныкталган багыт, педагогикалык ыкма, приоритеттүү принцип изилдөөнүн методологиялык жана эмпирикалык негизин түзөт. Башталгыч класстын окуучуларына экономикалык жактан тарбиялоого багытталган педагогикалык иш-аракет белгилүү бир мазмунга ээ.

**Жыйынтыктар:**

1. Башталгыч класстын окуучуларын класстан жана мектептен тышкары экономикалык кызматташтыкка даярдоо механизми иштелип чыкты.
2. Иштелип чыккан механизм экономикалык билим, бизнес долбоорлорго активдүү катышуу, эмгек жана өндүрүштүк көндүмдөр, ошондой эле экономикалык компетенттүүлүк сапаттарына ээ болуу менен бирге башталгыч класстын окуучуларын экономикалык тарбиясын аныктайтоого мүмкүндүк берет.

**Адабияттар**

1. Asqarov O.M. The role of games in the process of upbringing school children Iranian [Текст] / Journal of Language Teaching Research (Scopus) 9(16),Nov,2020. P. 358-370.
2. Набиев Г.А. Ўспирин-ўқувчиларни иқтисодий муносабатларни ташкил этишга тайёрлашнинг инновацион технологиялари (синфдан ташқари ишлар мисолида) [Текс]: автореф. дис. ... канд. пед.наук: 13.00.01 / Г.А.Набиев. Ташкент, 2019. - 32 б.
3. Концепция развития инклюзивного образования в Кыргызской Республике на 2019-2023 годы. ПостановлениеПравительства Кыргызской Республикиот 19 июля 2019 года № 360.
4. Худойқулов Х.Ж. Бошланғич синф ўқувчиларида иқтисодий тарбияга оид тушунчаларни шакллантиришнинг назарий ва амалий асослари Текс]: автореф. дис. ... канд. пед.наук: 13.00.01 / Х.Ж. Худойқулов. Ташкент, 2005. - 28 б.
5. Эмилбекова Д.А., Зулушова А.Т., Хаитов Ш.К., Манасов Н.А. Илимий Түшүнүктөрдү Системалуу Өздөштүрүүдөгү Болочок Мугалимдердин Компетенттүүлүгү [Текст] / Д.А. Эмильбекова, А.Т.Зулушова, Ш.К.Хаитов, Н.А.Манасов // Наука. Образование. Техника. Кырг.-Узб. ун-т 2020. № 3 (69). С. 76-81.